*Дисциплинанын аталышы жана коду*: **Кыргыз тил жана адабият Б.1.1**

| | |
|---|---|
| **Лектор** | **<u>Жапаралиева Назира Жакыповна</u>** |
| **Байланыш маалыматтары:** | 0701753975, 0502966969<br>nazira0126@gmail.com |
| **Кредиттин саны:** | 240 саат 8 кредит |
| **Датасы:** | **<u>2021-2022-окуу жылынын 1-2-3-4-семестри</u>** |
| **Сабактын максаты жана милдеттери** | Кыргыз тили жана адабияты башка окуу предметтери сыяктуу студенттердин дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырат, ошондой эле турмушта инсан катары өз алдынча калыптанууга жардам берет.<br>Студенттердин кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча таалим-тарбия алышы, аны практикада колдоно билиши, кыргыз тилин окутуунун максатын аныктайт. Окутуу процессиндеги жогоруда аныкталган максаттар 4 компоненттин негизинде ишке ашырылат:<br>1.Билим берүүчүлүк компоненттин максаты–лингвистикалык жана филологиялык илимдин негиздерин таанып-билүү аркылуу студенттердин ой таанымын кеңейтүү жана кыргыз элинин сүйлөө маданиятын терең өздөштүрүүгө жетишүү.<br>2. Өркүндөтүүчүлүк компоненттин максаты–кыргыз тили боюнча өздөштүргөн билимин андан ары тереңдетип өнүктүрүү, тил табиятына жана көркөм сөз өнөрүнө болгон кызыгуусун арттыруу.<br>3. Тарбиялык компоненттин максаты–кыргыз элинин көркөм сөз өнөрүнүн бай казынасы менен тааныштыруу, аларды элдик каада-салтын, үрп-адатын адеп-ахлагын, коомчулук алдындагы адамдык парзын адабий тексттерде көркөм берилиши аркылуу элдик рухий дүйнөнү таанытуу, улуттук аң сезимин өнүктүрүү.<br>4. Практикалык компоненттин максаты–кыргыз тилинин практикалык курсу жана сүйлөшүү, жазуу ишмердүүлүгү боюнча алган билгичтиктерин, көндүмдөрүн, баалуулуктардын турмуштун ар түрдүү кырдаалдарында колдоно билүү.<br>Ал эми кыргыз тилин үйрөтүүдөгү негизги максаттар төмөндөгүдөй милдеттердин ишке ашырылышын көздөйт.<br>1.Турмуштук кырдаалдар боюнча сүйлөшө турган жана окула турган тексттердин тематикаларын аныктоо;<br>2.Тилдик материалдардын курулуш каражаттарын (фонетикалык, лексикалык, грамматикалык) аныктоо;<br>3.Билим берүүнүн гумандаштыруу процессине басым жасоо.<br>4. Мурдагыдай маалыматтык “билимдик” мамилеге эмес, өнүктүрүүчү жана ишмер мамилеге басым жасоо.<br>5. Билим алууга жоопкерчиликтүү, аң-сезимдүү мамиле жасаган социалдык жактан активдүү инсанды тарбиялоого багыт берүү.<br>Студенттердин сөз корумун байытуу, оозеки, жазуу кебин өстүрүү, грамматикалык жактан сабаттуу жазуу, логикалык жактан ырааттуу, эркин сүйлөөгө, пикир алышууга үйрөтүү. Кыргыз тилинде мамлекеттик тилди, элибиздин салт- санаасын, үрп - |

| | |
|---|---|
| | адатын, маданиятын, баалуулуктарын, көөнөрбөс дөөлөттөрүн, маданий мурастарын студенттерге окутуу - негизги максат катары каралды. Аны менен бирдикте кыргыз тилинин грамматикасы, орус тилинен айырмачылыгы, окшоштуктары, колдонулуш чөйрөсү туурасында билүүлөрү керек. |
| **Курстун баяндалышы** | Кептик чеберчиликти өнүктүрүү - жакшы адис болуунун эң негизги жолдорунун бири. Кайсы гана кесиптин ээси болбойлу, ар бирибиздин ишибиз жамаатташ адамдар менен байланыштуу. Адамдардын эриш-аркак аракети гана ийгиликке алып келет. Ошондуктан пикир алышуунун сапаттуу жүрүшү адам үчүн өтө маанилүү. Өз ой-пикирин жеткиликтүү, түшүнүктүү, таасирдүү айтып бере албоо адамды кандайдыр-бир психологиялык комплекстерге алып келет. Сүйлөө чеберчилиги адамдын "карьерасына", ийгилигине, кадыр-баркына дайыма оң таасирин тийгизет. Таасирдүү, көркөм сүйлөй билген адам өз оюн түшүндүрө да, пикирин далилдей да алат. Бул болсо анын коомдогу кадыр-баркынын өсүшүнө өбөлгө болот. |
| **Сабакка чейинки пререквизиттери** | Студенттердин мурда алган билимдерин өркүндөтүү, деңгээлге жараша сабакты улантуу<br>Сабак аралык байланыштар (кыргыз адабияты, тарых, география) |
| **Сабактан кийинки постреквизиттери** | Кырдаалга жараша сүйлөшүүгө үйрөнөт.<br>Текстке фактологиялык жана концептуалдык суроолорду түзүү жөндөмү өсөт.<br>Тилдик көнүгүүлөр аркылуу туура сүйлөө кебин жана жазуусун калыптандырат<br>Этномаданий лексикаларды өздөштүрөт.<br>Адисттик лексикаларды өздөштүрөт.<br>Чыгармаларды талдоо аркылуу көз карашы калыптанат |
| **Күтүлүүчү компетенциялар** | Курстун мазмунун толук өздөштүргөн студент төмөнкү **компетенцияларга** ээ болушу керек:<br>**Билүү:**<br>- Мекеним Кыргызстан жөнүндө жалпы маалыматка ээ болуусу<br>- Сөз түркүмдөрүнүн табияты жана өзгөчөлүгү тууралуу билимге ээ болуусу<br>- Архаизмдер, историзмдер, неологизмдер жөнүндө билимге ээ болуусу<br>- Адамдын турмушунда билимдин орду жана ролун түшүнүү көндүмү<br>- Сүйлөмдүн курулушу, сүйлөмдүн түрлөрүн түшүнө билүүсү<br>- Жазуучунун чыгармаларынан көркөм окууга үйрөнүү, чыгарманын негизги идеясын түшүнө билүү;<br>- Баш жана багынынкы сүйлөмдөрдү ажырата билүү чеберчилиги;<br>- Эл алдында сүйлөө,ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү; |

| | |
|---|---|
| | - Көркөм чыгармалар аркылуу жакшы сапаттарга ээ болуу көндүмү<br>**Колдоно билүү;**<br>- Окумуштуулардын даяр илимий пикирлерин гана окуп үйрөнбөстөн, өзү сын ой жүгүртүп, өз пикирин билдирип, өзү жыйынтык чыгара алууга.<br>- Кызматчы сөз түркүмдөрүнүн сүйлөм ичинде туура колдоно билүүсү<br>- Аялзат жөнүндө жеке ой пикирин билдирүү; эненин улуулугун, ыйыктыгын оозеки жана жазма кепте чагылдыруу көндүмү.<br>- Адамдын жашоосунда жана коомдогу орду менен ролун, маданияттын маңызын мүнөздөй билүү;<br>- Адистик боюнча адабияттардын түп нускасы менен иштөөнү;<br>- Дүйнөлүк тарыхый кырдаалдарды түшүнө билүү, коомдо болуп жаткан кубулуштарды жана кырдаалдарды талдай билүү.<br>- Мекенибиздин атагын чыгарган белгилүү инсандарды ажырата билүү**,** алар жөнүндө маалымат топтоо жөндөмү.<br>**Айта билүү; (ойду билдирүү)**<br>- Кыргыз тилинин негизги өзгөчөлүктөрү жана орду жөнүндө түшүнүп, ой пикирин айтып берүү<br>- Кыргыз элдин маданияты жөнүндө түшүнүктү айта билүү<br>- Кыргыз улуттук майрамдарынын маанисин, негиздүүлүгүн түшүнө билүү.<br>- Адамдын калыптануу шарты тууралуу анын эркиндигин, өмүрүн, жаратылышты, маданиятты сактоо жоопкерчилигин;<br>- Искусство аркылуу жан дүйнөнү азыктандыруу, маданияттуулукту өсүтүрүү аркылуу оюн айта билүү<br>- Турмуштук жана кесиптик байланышта элдин алдына чыгып сүйлөөдө кептик ишмердикти колдоно билүү чеберчилиги;<br>- Интернет булактары менен иштей алуу;<br>- Өткөн тарыхка болгон баалуу мамилеге тиешелүү суроолор боюнча өзүнүн көз карашын далилдеп жана айта билиш керек; |
| **Курстун саясаты** | Студенттердин сөз байлыктарын өстүрүү үчүн баяндама, дилбаян ж.б. жазуу иштери жүргүзүлөт. Студенттердин сөз байлыгын өстүрүү үчүн атайын тексттер, сүрөттөр, макал – лакаптар менен иш алынып барылат. Жакшы жетекчи, менеджер, коомдук ишмер болуу үчүн оозеки баяндама жасоого, диалог жүргүзүүгө, коомдо, жамаатта маектерди алып барууга, башкаруу, багыттоо максатында маектешип турууга үйрөнүү зарыл.<br>***Студенттердин төмөнкү иш-аракеттери колдоого ээ болот:***<br>• сабактарда өз ой-пикирлерин билдирүү;<br>• окуу ишинде чыгармачылыгы, өзгөчөлүгү; |

| | |
|---|---|
| | • өз алдынча иштөөдө жекечелиги;<br>• сабаттуулугун жана жалпы маданият таануусун жогорулатуусу;<br>• адептүүлүгү, толеранттуулугу,<br>• иштиктүү тилге үйрөнүүгө, кеп маданиятын өстүрүүгө умтулуусу;<br>• илимий- изилдөөгө багыттануусу.<br>• Кыргыз тил менен адабиятты айкалыштыра билүүсү<br>• Өз алдынча иштөөсү жана үй тапшырмаларын убагында жана талап кылынган мөөнөттө жана көлөмүндө аткаруу. |
| **Окутуунун методу** | Текст менен өз алдынча жана жуп менен иштөө; БББ, синквейн, ж.б. ыкмалары, глоссарий, диалог түзүү; ММК менен иштеше билүү; темага байланыштуу. Жетишпей калган студенттерге, өздөштүрө албай калган темалар боюнча кошумча консультациялар өтүлүшү мүмкүн.<br>Ар бир тема боюнча студенттерге коюлган максаттар жана талаптар ( тапшыруу мөөнөтү жана формалары) белгиленген. Азыркы күндө күндүзгү бөлүмдө да аралыктан билим берүү технологиясы менен окутуу студенттин окуу материалын өз алдынча электрондук окуу колдонмолорун, ошондой эле кадимки окуу китептерин пайдаланып өздөштүрүүсүнө багыттайт. |
| **Билимин текшерүүнүн формасы** | Силлабуста бир семестрдин ичинде студенттердин материалды өздөштүргөндүгүн бир нече жолу текшерилет (текущий контроль), андан тышкары 2 модуль пландаштырылган. Алар студенттердин билимин текшерүү максатында өткөрүлөт. Модулду кабыл алуу жана өткөрүү формасы ар түрдүү болушу мүмкүн. Курс боюнча ар бир семестирдин аягында – жыйынтыктоо баа коюлат. Ал эки модулдун баллдары, кошумча баллдардын жана сынак баллдардын суммасынан түзүлөт. Кошумча баллдар сабакка катышканы, тапшырмаларды жана жекече иштерди жакшы аткаргандыгы үчүн берилет.<br>Студенттин билими, көндүмдөрү 100 баллдык чен менен бааланат жана төмөнкү критерийлерди ичине камтыйт.<br>Студенттин өз алдынча ишин уюштуруунун негизги принциби болуп, студенттин аналитикалык, практикалык жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн калыптандырууга негизделген комплекстүү ыкма болуп саналат.<br>Модулдук-рейтинг системасы боюнча студенттердин өз алдынча иштери бардык дисциплиналар боюнча 20 баллга бааланат.<br>Окутууда студенттин окутуучунун тапшырмаларын аткарышы жана кезектеги текшерүүдөн жана жыйынтыктоо сынагынан өтүшү шартталат. |
| **Адабияттар:**<br><br>**Негизги** | **НЕГИЗГИ АДАБИЯТТАР**<br>1. Ашырбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы –Б., 2001-ж.<br>2. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили -Б.,1996-ж.<br>3. Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги –Б.,2010-ж.<br>4. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы –Б. 2002-ж. |

| | |
|---|---|
| **Кошумча** | 5. Кыргыз орфографиясынын эрежелери. –Б., 2008-ж.<br>6. Токтоналиев К. Кыргыз тили, -Б., 1996-ж.<br>7. Тургамбаева А.С., Усекова А.А. Кыргыз тили –Б., 2004ж.<br>**КОШУМЧА АДАБИЯТТАР**<br>1. А.Акматалиев Кыргыз адабиятынын тарыхы. 1-3т. –Б.,1999ж.<br>2. Абылкасымов Р., Атышов К., ж.б. Экономика.Энциклопедиялык окуу куралы.–Б.; 2003ж.<br>3. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. –Б, 2000ж<br>4. Асанканов А., Кыргыз тарыхы –Б., 2006ж.<br>5. Ашырбаев Т., Ахматов Т. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. –Б.,2005ж.<br>6. Жусупов К. Кыргыздардын байыркы маданияты. –Б., 2006ж.<br>7. Ибраев Э. “Тандалган чыгармалар” -Б, 1999ж.<br>8. Карасаев Х.К. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. –Б., 2009ж.<br>9. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. –Б., 2002ж.<br>10. Кыргыз жергеси энциклопедиясы. –Ф., 1990ж.<br>11. Кыргыз көркөм адабиятынын сериясы 30-т. –Б., 2000ж.<br>12. Кыргыз Республикасынын экономикасы. Котор. Мамажанов А., Рахманкулов К. –Б., КТМУ, 2007ж.<br>13. Кыргыз энциклопедиясы – Б., 2000ж. |
| **СӨИ** | СӨИ- бул окуу процессинде конкреттүү жыйынтыкка жетүү үчүн окутуучунун түздөн-түз жардамысыз ишке ашырылган пландаштырылган, үйрөнүүчүлүк, уюштуруучулук жана усулдук жактан ишмердүүлүккө багытталган студенттин өз алдынча иши. Студенттин өз алдынча иши бардык багыт боюнча жогорку билим берүү адистиктерин даярдоодо милдеттүү процесс болуп эсептелет. Студенттин өз алдынча ишин уюштуруунун негизги принциби болуп, студенттин практикалык жана илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүккө болгон өздөштүрүүсүндө комплекстүү мамиле жасоо көндүмү болуп эсептелет.<br>Окутуучу студентке почта аркылуу курс боюнча тапшырмаларды жибериши мүмкүн. Ошондуктан, студент сабакка дайыма катышып, жигердүүлүк менен окушу керек же аралыктан билим берүү технологиясынын байланыш түйүндөрү аркылуу кире турган почтаны ар дайым текшерип туруусу керек.<br>Өз алдынча иштерге болгон көзөмөл дисциплинанын окутуучусу тарабынан окуу процессинин графиги боюнча ишке ашырылат. Студенттин өз алдынча ишинин жыйынтыгы жыйынтыктоочу текшерүү иштеринин алдында бааланып эске алынышы керек. Студенттер өз алдынча иштерди баалоо критериялары менен алдын ала тааныш болушу зарыл. Өз алдынча иштин көлөмү жана татаалдыгы пландаштырылган көлөмгө жана татаалдыкка, о.э дисциплинанын өзгөчөлүгүнө ылайык аткарылат. Студенттин өз алдынча иши төмөнкү критериялар боюнча бааланат:<br>• Мазмуну 4<br>• План 2<br>• Теоретикалык билими 3<br>• Практикалык билими 4<br>• Корутунду 2<br>• Грамматика, стилистика 3 |
| **Кошумча түшүнүк.** | ***Студенттерге коюлган талаптар:*** Студенттердин дайыма байланышта болуусу жана салымы. Бардык студенттер сабакка үзбөй байланышта болуулары керек, анткени, сабактарда студенттер курс боюнча өз алдынча иштөөсү үчүн түрткү бере |

| | |
|---|---|
| | турган маалыматтарды алышат. Ар бир студент окуу процессине өз салымын кошушу керек. Сабактарга жоопкерчиликтүү болуп, жоопторду так, туура жана өз учурунда жөнөтүүсү керек.<br>1. Сабактарга калбай катышуу.<br>2. Өз алдынча иштөөсү жана үй тапшырмаларын убагында жана талап кылынган мөөнөттө жана көлөмүндө аткаруу.<br>3. Сабактарга кечикпей келүү.<br>4. Сабак учурунда уюлдук телефондорду колдонбоо.<br>Студенттерге сынактын алдында кошумча балл (1 – 10 чейин), же тескерисинче- айып баллдар да берилиши мүмкүн. |

**Календардык-тематикалык план (темалардын жумага саат менен көрсөтүлүшү)**

***1-курс 1-семестр***

| № | Датасы | Темасы | Саатын саны | Адабияттар | Модуль боюнча суроолор |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 15.09.21<br>18.09.21 | Билим күнү. Таанышуу<br>Кыргыз жазуусунун тарыхы. Кыргыз тилинин башка тилдерден айырмаланган өзгөчөлүгү. Көчмөн цивилизациясы | 2 | **Адабияттар:**<br>Негизги:<br>А.С.Тургамбаева,А.А Усекова « Кыргыз тили», 1-2 бөлүк<br>Алиясова Г.Д., Адылова Б.К. «Кыргыз тили. Тексттер жана тапшырмалар», Б.,2010 1-бөлүк | Кыргыз эли кайсы жазууларды башынан өткөргөн? |
| 2 | 20.09.21<br>25.09.21 | Мекеним - Кыргызстан. Элдик оозеки чыгармачылык жөнүндө маалымат | 2 | | Үндөштүк мыйзамына кандай сөздөр кирет? |
| 3 | 27.09.21<br>02.10.21 | Кыргыз Республикасынын символикалары: КРнын Гимни, Туусу, Герби, Конституциясы.<br>Кенже эпостор: «Эр Төштүк», «Кожожаш» эпостору. | 2 | | Ат атоочтун түрлөрү кандай? |
| 4 | 04.10.21<br>09.10.21 | Баласагын шаары. Бурана мунарасы<br>Орто кылымдардагы адабий мурастар<br>Ж.Баласагындын чыгармачылыгы | 2 | Алиясова Г.Д., Адылова Б.К. «Кыргыз тили. Тексттер жана тапшырмалар», Б.,2016 2-бөлүк | “Кут алчу билим” чыгармасы эмнени баяндайт? |
| 5 | 11.10.21<br>16.10.21 | Кыргызстандагы ыйык жерлер<br>Махмуд Кашгари өмүрү жана чыгармачылыгы | 2 | Жусаев ж,А.Карабекова Кыргыз тили (Учебник для русских групп вузов страны) Б Мектеп 2000 | “Диван луга-ат түрк” эмгеги эмне тууралуу? |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 6 | 18.10.21<br>23.10.21 | Көчмөн кыргыздардын турак жайы – боз үй<br>Уламышка айланган акындар Асан Кайгы, Кет Буканын чыгармачылыгы | 2 | К.А.Биялиев « Кыргыз тили».(жогорку окуу жайларынын башка улуттардын студенттери үчүн окуу китеби) Б.2002 | Уламышка айланган акындардын мурастарынан эмне билесиз? |
| 7 | 25.10.21<br>30.10.21 | Кыргыз элиндеги салт-санаа, ырым-жырым жана алардын мааниси<br>Замана акындары. Калыгул «Акыр заман» Арстанбек «Тар заман». | 2 | Дыйканова Ч.К.,Сулайманова Л. « Кыргыз тилин үйрөнөбүз»Учебник Б.-Фонд Сорос-Кыргызстан» 1997 | Замана акындары деп эмне үчүн атайбыз? |
| 8 | 01.11.21<br>06.11.21 | Улуттук тамак-аштар.<br>Эл ырчылары: Б.Алыкуловдун сүйүү лирикалары | 2 | Кыргыз тили (жогорку окуу жайларынын улантуучу топтору үчүн Б.2002: | Улуттук майрамдарга кайсылар кирет жана кайсы тамактар жасалат? |
| 9 | 08.11.21<br>13.11.21 | Улуттук кийимдер, ак калпак кыргыздын сыймыгы. Элечек, шөкүлө.<br>Эл ырчылары. Жеңижок “Аккан суу”, “Жалгыз тал” | 2 | **Кошумча адабияттар:**<br>Ыбышов Ы. «Кыргыз тили.»,Б.1998<br>Касымов Б.Токтоналиев « Изучаем кыргызский язык» Б.1998 | Улуттук кийимдердин диалект боюнча аталышы? “Аккан суунун идеясы эмнеде?” |
| 10 | 15.11.21<br>20.11.21 | Улуттук оюндардын турмуштагы мааниси. Күрөш, ат чабыш, кыз куумай, эр эңиш ж.б.<br>Токтогул Сатылгановдун өмүрү-чыгармачылыгы | 2 | Кыргыз Республикасынын энциклопедиясы. Б. 2004 | Демократ акындар деп кимдерди айтабыз? |
| 11 | 22.11.21<br>27.11.21 | Бата ырлары, алардын түрлөрү. Батадагы каалоо тилектер.<br>19-20-кылымдардагы кыргыз кол жазма адабияты. Жазгыч акындар Тоголок Молдо “Кемчонтой” | 2 | «Кыргыз элдик искусствосу» Ф.1987 | Улуттук оюндардын тарбиялык мааниси кандай?<br>Эмнени бата дейбиз? |
| 12 | 29.11.21<br>04.12.21 | Кыргыз элиндеги кол өнөрчүлүк<br>Молдо Кылыч “Чүй баяны” | 2 | «Кыргыз улуттук оюндары»<br>«Декоративно-прикладное искусство Киргизии» М.1984 | Азыркы күндөгү кол өнөрчүлүккө эмнелер кирет? |
| 13 | 06.12.21<br>11.12.21 | Кыргызстандын жаратылышы<br>И.Арабаев кыргыз алиппеси | 2 | К.К.Юдахиндин жыйнагынан « Бир миң макал-лакап» Б.1998 | Агартуу жаатында кимдер салым кошкон? |
| 14 | 13.12.21<br>18.12.21 | Кыргыз элинин адамдарга берген сын-сыпаттоосу<br>Кыргыз профессионал адабияты | 2 | Кыргыз тилинин омонимдер, фразелогизмдер жана антонимдер сөздүктөрү | К.Тыныстановду тилчи, адабиятчы катарыбы? же |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | К.Тыныстанов «Жаңыл Мырза» поэмасы | | | мамлекеттик кызматкер катары тааныйсызбы? |
| 15 | 20.12.21 25.12.21 | Жыйынтыктоо | 2 | | |
| | | БАРДЫГЫ | **30** | | |

**Студенттердин өз алдынча иштеринин графиги**

| № | Жума Айлары | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Баллдын суммасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Сентябрь | | | | октябрь | | | | | ноябрь | | | | | | |
| 1 | Кезектеги көзөмөл | | | | | | 27.09-11.10.2021-ж. | | | | | 24.11.-10.12.2021-ж | | | | | | 40 балл |
| 2 | СӨИ тапшыруу мөөнөтү | | | | | | 21.09. - 14.10. 2021-ж. | | | | | 15.11- 06.12. 2021-ж. | | | | | | |
| № | Жума Айлары | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Баллдын суммасы |
| | | | декабрь | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1 | Кезектеги көзөмөл | | 29.11.-25.12.2021-ж | | | | | | | | | | | | | | | 40 балл |
| 2 | СӨИ тапшыруу мөөнөтү | | 12.11. - 13.12. 2021-ж. | | | | | | | | | | | | | | | |

*СӨИ – студенттин өз алдынча иши.
*Кошумча түшүнүк:* Кезектеги жана жыйынтыктоочу көзөмөлдү өткөрүүнүн графиги Окуу бөлүмү тарабынан бекитилет.

**Календардык-тематикалык план (темалардын жумага саат менен көрсөтүлүшү)**

***1-курс 2-семестр***

| № | Датасы | Темасы | Саат саны | Адабияттар | Модуль боюнча суроолор |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 07-12. 02. 2022 | Кыргызстандын өсүмдүктөр дүйнөсү<br>А.Токомбаев - кыргыз совет адабиятынын баштоочусу | 2 | **Адабияттар:**<br>Негизги:<br>А.С.Тургамбаева,А.А Усекова « Кыргыз тили», 1-2 бөлүк<br>Кыргыз адабияты хрест. | Сан атооч<br>Кластер<br>А.Токомбаевдин өмүрү тууралуу ЭБК<br>Презентация |
| 2 | 14-19. 02. 2022 | Улуттук боштондук кыймыл<br>“Мезгил учат” повести | 2 | Алиясова Г.Д., Адылова Б.К. «Кыргыз тили. Тексттер жана тапшырмалар», Б.,2010 1-бөлүк | Повестин мазмунун айтып берүү |
| 3 | 21-26. 02. 2022 | Адам менен табияттын байланышы<br>К.Баялиновдун өмүрү, чыгармачылыгы, “Ажар” повести | 2 | Жусаев ж,А.Карабекова . Кыргыз тили (Учебник для русских групп вузов стран) Б Мектеп 2000 | Повест тууралуу ЭБК<br>Презентация |
| 4 | 28-05. 03. 2022 | Суу- өмүр булагы. М.Элебаевдин өмүрү, чыгармачылыгы. “Зарыгам” чыгармасы | 2 | Алиясова Г.Д., Адылова Б.К. «Кыргыз тили. Тексттер жана тапшырмалар», Б.,2010. 2-бөлүк | ЭБК<br>Презентация<br>Чыгарманын мазмунун айтып берүү |
| 5 | 07-12. 03. 2022 | Улуу Ата Мекендик согуш Ж.Турусбековдун өмүрү, чыгармачылыгы. “Ажал ордуна” драмасы | 2 | Кыргыз адабияты хрест. | Чыгарманын мазмунун айтып берүү. ЭБК<br>Презентация |
| 6 | 14-19. 03. 2022. | Кыргыз санжырасы. К.Маликовдун өмүрү, чыгармачылыгы. “Балбай” поэмасы | 2 | Кыргыз адабияты хрест. | Поэмадан үзүндү жаттоо |
| 7 | 21-26. 03. 2022. | Кыргыз тоолору. А.Осмоновдун лирикалары | 2 | Кыргыз адабияты хрест | Лирикаларынан жатка айтуу |
| 8 | 28-02. 04. 2022. | Кыргыз музыкасы А.Осмоновдун поэмалары “Жеңишбек”, “Майдын түнү” | 2 | «Кыргыз тили. Тексттер жана тапшырмалар», Б.,2010. 2-бөлүк | Поэмадан үзүндү жаттоо |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 9 | 04-09. 04. 2022. | Театр өнөрү.<br>Ж.Бөкөнбаев “Ажал менен ар намыс” поэмасы | 2 | «Кыргыз улуттук оюндары» «Декоративно-прикладное искусство Киргизии» М.1984 | Поэмадан үзүндү жаттоо жана презентация даярдоо |
| 10 | 11-16. 04. 2022 | Кыргыз кино өнөрү Р.Шүкүрбековдун сатиралары “Жинди суу” | 2 | Кыргыз адабияты хрест | Презентация даярдоо |
| 11 | 18-23. 04. 2022 | Кыргыз скульптурасы М.Алыбаевдин өмүрү, чыгармачылыгы “Ак чүч” | 2 | Кыргыз адабияты хрест | Сценка даярдоо |
| 12 | 25-30. 04. 2022 | Көркөм сүрөт искусствосу Б.Сарногоевдин өмүрү, чыгармачылыгы “Калайык калкка кайрылуу” | 2 | Кыргыз адабияты хрест | Презентация даярдоо |
| 13 | 02-07. 05. 2022 | Г.Айтиев атындагы атындагы музейге саякат Б.Сарногоев “Мен киммин” лирикалары | 2 | «Кыргыз тили. Тексттер жана тапшырмалар», Б.,2010. 2-бөлүк | Лирикадан үзүндү жаттоо |
| 14 | 09-14. 05. 2022 | Өрнөктүү өмүр Т.Сыдыкбековдун өмүрү, чыгармачылыгы | 2 | Кыргыз адабияты хрест | Презентация даярдоо |
| 15 | 16-21. 05. 2022 | Жыйынтыктоо | | | |
| | | БАРДЫГЫ | **30** | | |

**Календардык-тематикалык план (темалардын жумага саат менен көрсөтүлүшү)**

**3-семестр**

| **№** | **Датасы** | **Темасы** | **Саатсаны** | **Адабияттар** | **Модуль боюнча суроолор** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 15.09.21<br>18.09.21 | Тарыхы болбой эл болбойт. Ч.Айтматовдун аңгемелери: “Ак жаан”, “Түнкү сугат” | 2 | Негизги адабияттар: Алиясова Г.Д., Адылова Б.К. «Кыргыз тили. Тексттер жана тапшырмалар», Б.,2016 | Жазуучунун өмүр жолу, чыгармачылыгы |
| 2 | 20.09.21<br>25.09.21 | Сүйүү бул сулуулук. Ч.Айтматовдун повесттери: “Жамийла” | 2 | | Жамийла повести боюнча презентация |
| 3 | 27.09.21<br>02.10.21 | Комуз – кыргыз элинин музыкалык аспабы.“Делбирим” повести | 2 | | Улуттук аспаптар<br>Вен диаграмма |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 4 | 04.10.21<br>09.10.21 | Мамлекеттүүлүктүн башатындагы инсандар. И.Раззаковдун үй музейине саякат. | 2 | Ч.Айтматовдун чыгармалар жыйнагы | И.Раззаков тууралуу кинотасма боюнча ой пикир |
| 5 | 11.10.21<br>16.10.21 | Адам жана анын асыл сапаттары “Бетме-бет” повести | 2 | Ч.Айтматовдун чыгармалар жыйнагы | Образдар системасы |
| 6 | 18.10.21<br>23.10.21 | Эне – үй-бүлө куту “Саманчынын жолу” повести | 2 | «Кыргыз тили. Тексттер жана тапшырмалар», Б.,2016 | Монолог көркөм окуу |
| 7 | 25.10.21<br>30.10.21 | Туризм өлкөнүн келечеги. “Кылым карытар бир күн” романы | 2 | Тексттер жыйнагы | Туризм тууралуу ой толгоо кластер |
| 8 | 01.11.21<br>06.11.21 | Бакыт турмуштун маңызы. “Кылым карытар бир күн” романындагы уламыштар | 2 | Алиясова Г.Д., Адылова Б.К. «Кыргыз тили. Тексттер жана тапшырмалар», Б.,2016 | Касиеттүү аймактарды билүү презентация |
| 9 | 08.11.21<br>13.11.21 | Дос кадыры. Ч.Айтматовдун драмасы “Фудзиямадагы кадыр түн” | 2 | Ч.Айтматовдун чыгармалар жыйнагы | слайд |
| 10 | 15.11.21<br>20.11.21 | Адеп жана ыйман. “Тоолор кулаганда” романы | 2 | Т.Касымбековдун чыгармалар жыйнагы | Чыгарманын тема, идея, мазмунун ЭБК ыкмасы аркылуу берүү |
| 11 | 22.11.21<br>27.11.21 | Элдик тотемдер – бул жаратылышты урматтоо. Т.Касымбековдун өмүрү, чыгармачылыгы | 2 | С.Жусуевдин чыгармасы | Романдагы образдар системасы |
| 12 | 29.11.21<br>04.12.21 | Алай канышасы. С.Жусуевдин өмүрү, чыгармачылыгы. “Курманжан датка”романы | 2 | Алиясова Г.Д., Адылова Б.К. «Кыргыз тили. Тексттер жана тапшырмалар», Б.,2016 | Глоссарий |
| 13 | 06.12.21<br>11.12.21 | Тарыхый романдарга талкуу жүргүзүү | 2 | | эссе |
| 14 | 13.12.21<br>18.12.21 | Кыргыз элинин конок күтүү салты Т.Үмөталиевдин чыгармачылыгы | 2 | Т.Үмөталиевдин чыгармалары | Кластер |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1<br>5 | 20.12.21<br>25.12.21 | Жыйынтыктоо | 2 | | |
| | | БАРДЫГЫ | **30** | | |

**Студенттердин өз алдынча иштеринин графиги**

| № | Жума<br>Айлары | - | - | - | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Баллд сумма сы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Сентябрь | | | | октябрь | | | | | | ноябрь | | | | | |
| 1 | Кезектеги көзөмөл | | 20 балл | | | | 25-30. 2021. | | | | | | | | | | | 40 б |
| 2 | СӨИ тапшыруу мөөнөтү | | | | | | 18-29.10. 2021-ж. | | | | | | 22-30.11. 2021-ж | | | | | |
| № | Жума<br>Айлары | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Баллд сумма сы |
| | | | декабрь | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1 | Кезектеги көзөмөл | | 13-23.11. 2021-ж | | | | 20 балл | | | | | | | | | | | 40 балл |
| 2 | СӨИ тапшыруу мөөнөтү | | 20-31.11. 2021-ж | | | | | | | | | | | | | | | |




*СӨИ – студенттин өз алдынча иши.

*Кошумча түшүнүк:* Кезектеги жана жыйынтыктоочу көзөмөлдү өткөрүүнүн графиги Окуу бөлүмү тарабынан бекитилет.

**Календардык-тематикалык план (темалардын жумага саат менен көрсөтүлүшү)**

**4-семестр**

| **№** | **Датасы** | **Темасы** | **Саатсаны** | **Адабияттар** | **Модуль боюнча суроолор** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 15.09.21<br>18.09.21 | Кеп маданияты. Кыргызстандын бюджет системасы. С.Эралиевдин лирикалары | 2 | **Адабияттар:** Алиясова Г.Д., Адылова Б.К. «Кыргыз тили. | Экономика. Кластер С.Эралиевдин ырларынан көркөм окуу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2 | 20.09.21 25.09.21 | Стиль жана стилистика. Аймакты өнүктүрүүдөгү экономикалык абал. “Ак Мөөр” поэмасы | 2 | Тексттер жана тапшырмалар», Б.,2016., “Иш кагазд.мамл.тилде жүргүзүү” | Кептин стилдери кластер Поэма боюнчапрезентация |
| 3 | 27.09.21 02.10.21 | Ишкердүүлүк бизнеси Н.Байтемиров “Тарых эстелиги” | 2 | | Баяндоонун түрлөрү. Уркуя Салиева тууралуу презентация |
| 4 | 04.10.21 09.10.21 | КРнын экономикасы. Ж.Садыковдун чыгармачылыгы | 2 | “Иштиктүү баарлашуу” ОМК | Кыргызстандын бюджет системасы кластер. “Манастын уулу Семетей”драмасы |
| 5 | 11.10.21 16.10.21 | Кыргыз элинин экономистери “Манастын уулу Семетей” драмасы | 2 | Ж.Садыковдун өмүр жолу, чыгармачылыгы | Белгилүү экономисттердин иш тажрыйбалары менен таанышуу |
| 6 | 18.10.21 23.10.21 | Бизнестеги башкаруу. Т.Абдумомуновдун өмүрү, чыгармачылыгы | 2 | “Иштиктүү баарлашуу” ОМК., Жазуучунун китеби | Бизнести башкаруунун жолдору, драма боюнча ЭБК |
| 7 | 25.10.21 30.10.21 | Расмий иш кагаздары.Дүйнөлүк экономика. “Абийир кечирбейт” драмасы | 2 | Тексттер жыйнагы | Дүйнөлүк экономика тууралуу ой толгоо |
| 8 | 01.11.21 06.11.21 | Эркин соода. М.Байжиевдин чыгармачылыгы. | 2 | М.Байжиевдин драмалары | Эркин соода жүрг. аймактарды билүү |
| 9 | 08.11.21 13.11.21 | Улуттук валюта. Расмий эмес иш кагаздары. “Төрт адам” драма | 2 | М.Байжиевдин драмалары | Улуттук валюта, слайд |
| 10 | 15.11.21 20.11.21 | Финансы системасы. Жеке иш кагаздарынын үлгүлөрү Т.Кожомбердиевдин “От өчпөгөн коломто”жыйнагы | 2 | Т.Кожомбердиевдин “От өчпөгөн коломто”жыйнагы | Финансы системасы тууралуу ой бөлүшүү |
| 11 | 22.11.21 27.11.21 | Фирма жана ишкана. Жеке иш кагаздары О.Султановдун “Чарчоонун жүзүнчү ыры” поэмасы | 2 | Үлгүлөр менен иштөө, О.Султановдун “Чарчоонун жүзүнчү ыры” поэмасы | Ишке кирүүнүн, иш кагаздарынын талаптары, маалымдаректери |
| 12 | 29.11.21 04.12.21 | Мен тандаган кесиптин тарыхы Буйрутма иш кагаздары. Э.Ибраевдин “Улут болсом тилим менен улутмун” | 2 | Э.Ибраевдин лирикалары | Глоссарий |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 13 | 06.12.21<br>11.12.21 | Экономикадагы тобокелдик Актынын түрлөрү..<br>Ш.Дүйшеевдин “Эне тилин унуткандар” | 2 | Ш.Дүйшеевдин ырлары. | Тобокелчиликтин оң жана терс жактары |
| 14 | 13.12.21<br>18.12.21 | Базар экономикасы Протокол.<br>“Кайдыгерлик” ыры | 2 | Иш кагаздарынын үлгүлөрү, Ш.Дүйшеевдин ырлары. | Базар экономикасынын натыйжасында эмнеге жетүүгө болот? |
| 15 | 20.12.21<br>25.12.21 | Жыйынтыктоо | 2 | | |
| | | БАРДЫГЫ | **30** | | |

**Студенттердин өз алдынча иштеринин графиги**

| № | Жума Айлары | - | - | - | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Баллд суммасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Январь | | | | февраль | | | | | | март | | | | | |
| 1 | Кезектеги көзөмөл | | | | | | 14-19.02.2022. | | | | | | | | | | | 40 б |
| 2 | СӨИ тапшыруу мөөнөтү | | | | | | 21-28.02.2022. | | | | | | | | | | | |
| № | Жума Айлары | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Баллд суммасы |
| | | | апрель | | | | май | | | | | | | | | | | |
| 1 | Кезектеги көзөмөл | | 11-16.04.2022 | | | | | | | | | | | | | | | 40 балл |
| 2 | СӨИ тапшыруу мөөнөтү | | | | | | 16-28.05.2022. | | | | | | | | | | | |

www.keu.edu.kg

*СӨИ – студенттин өз алдынча иши.

*Кошумча түшүнүк:* Кезектеги жана жыйынтыктоочу көзөмөлдү өткөрүүнүн графиги Окуу бөлүмү тарабынан бекитилет.

Колдонулган негизги адабияттар:

1. Айтматов Ч. Чыгармалар жыйнагы 1-2-3-4-5-том. – Б.: «Шам» басмасы 1999.
2. Жантөшев К. Каныбек 1-2-том. – Б.: «Адабият» 1991.
3. Жеңижок – Б.: «Бийиктик» 2006.

4. Исамидинов И.Ч. Кыргыз орто мектептеринде адабият теориясын окутуу. Пед. илим. доктор. окум. даража алуу үчүн жазыл. диссерт. авторефераты – Б.: 2005
5. Касымбеков Т Тандалган чыгармалар 1-2-том. – Ф.: «Мектеп» 1990.
6. Кыргыз адабияты. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. – Б.: 1991
7. Кенжешев К.Д. Жогорку класстарда 20-жылдардагы кыргыз профессионал адабиятын окутуу. Пед. илим. канд. окум. даража алуу үчүн жазыл. диссерт. авторефераты – Б.: 2001.
8. Кенжешев К.Д. Сыдык Карачевдин өмүрү, чыгармачылыгын 9-класста окутуу. // «Эл агартуу», 2000. №1-2. 19-24-беттер.
9. Муратов А. Кыргыз адабияты сабагында көркөм тексттин маңызын ачуу. Монография. – Б.: 2009
10. Тыныстанов К. Кыргыз деп күйгөн Касым Тыныстанов М.Молдобекова, “Обон” 24.03.2009.
11. Bizdin.kg сайтынан Кыргыз адабиятынын толук антологиясы.

http://www. bizdin. kg